# “МАНАС” ЭПОСУНДА ТЕҢИРЧИЛИКТИН СҮРӨТТӨЛҮШҮ

**АБДИЕВА ЖЫЛДЫЗ**
*Талас университети, ага окутуучу*

Байыркы түрктөрдүн диний көз караштарынын системасында асман кудайы Теңирге сыйынууга башкы орун берилген. Дүйнөлүк диндерди кабыл алганга чейин кыргыздардын өздөрүнүн байыркы жашоо-турмушуна тиешелүү дини болгон. Ал космологиялык (Тенирге) сыйынуу. Тенирчилик бир Кудайга сыйынуу менен чектелет, анда ата-бабалардын арбактарына сыйынуу, жаратылышка сыйынуу, тотемизмдин, анимизмдин, фетишизмдин, шаманизмдин, элементтери бар. Тенирчиликте адеп-ахлактык осуяттар жок анын бир гана моралдык эрежеси бар: «Коомдук закондорду сыйлоо менен жаратылыштын законуна ылайык жаша». Тенирчиликтин өзүнүн жазуу жүзүндөгү теологиялык доктринасы болгон эмес. Тенирчиликтин ырымдары жөнөкөй жана түшүнүктүү болгондуктан, миндеген жылдар жашап келген. Анын практикалуулугу, эффективдүүлүгү, жөнөкөйлүгү сыйынуулардын жана теологиялык түшүнүктөрдүн негиздеринин сакталып калуусуна жана стабилдешүүсүнө түрткү берген. И.Молдобаев өз эмгегинде белгилегендей: “Калмактар менен кытайлар будда дининдегилер, жөөтөр (еврейлер) -иудей, тарса-христиан- несториандар диндеринин ар түрдүүлүгүнө карабай, бул элдердин алгачкы жалпысыйынуусу асманга сыйынуу болгон.

Калмак, кытай, тарса, жөөт,
Карап турган канча көп,
Өз дининче окунуп,
Күн чыгышка бет алып
Көкө теңир колдо деп.

Батасын кылды чокунуп [9.185-186]. Эпостун бул сабы диндердин ар түрдүүлүгүнө карабай, ар башка ишеними бар элдер жалпы асманга карап сыйынышкандыгын маалымдайт. И.Б. Молдобаев: “Теңирчилик бир нече миңдеген жылдарды кучагына камтыйт. Дүйнөлүк диндер пайда болгончо теңирчилик бардык түрк - монгол элдеринин дини болгон” -деп билдирет [13. 259).

Руна сымал жазууларда кыргыздардын кудайларынын ичинен Теңир (Көк) же “Көк Теңир" (Көк Асман) баарынан көбүрөөк учурайт. Байыркы түрктөрдө “taŋri”-асман,Умай жана Жер-суу кудай катары эсептелген. Тонукукке коюлган эстеликтеги жазууларда төмөнкүдөй саптар бар: “Taŋri, Umai ydyg Jar sub basa darti arinc”, б.а.”Асман,(кудай аял) Умай, ыйык Жер - Суу мына (бизге) жеңишти ушулар берди деп ойлоо керек” (Малов 1951,63-68). Элегестин руна сымал эстелигинин каарманы “Күн менен Айды көк асмандан” ...сезбей калдым деп санаага батат. Бул күч-кубаты теңдешсиз “Көк Теңир” өкүм сүргөн жана Күн менен Ай жанып турган көктөгү кудайлардын ичиндеги тирүүлөрдүн дүйнөсүнөн өлүүлөрдүн жер алдындагы капкараңгы падышачылыгына өтүү жөнүндөгү көз караш. Тувадан табылган экинчи эстеликтин каарманы: “Менин асманым (кудай) бизге чатыр” дейт. Руна сымал жазууларда жазылган “чатыр”, “Аалам (Асман)” сөздөрү “Манас эпосунун саптарында төмөнкүчө чагылдырылат:

Төгөрөктү курчаган,
Ааламга тийип көлөкөм,

Чатыр болуп жатыпмын” [9.106]. Бул жерде дүйнөнүн төрт тарабын курчап турган аалам түшүнүгү Теңир дегенди түшүндүрүп турат.

“Үстүбүздөгү асманым уруксат кылды...”, -деп айтат, б.з. 711 –жылында Тоньюкук, Күлтегин жана Могиляндын аскерлеринин ичиндеги кыргыздарга жортуулга чыккан түрк аскеринин урматына арналып коюлган Уйбаттагы үчүнчү эстеликтин каарманы [15.104].

Адамдардын чогулуп курмандык чалып, асманга табынуу үрп - адаты байыркы түрктөргө чейин эле болгон, Борбордук жана Чыгыш Азиянын бардык территориясында

таралган. Кытай булактарына караганда асманга сыйынуу көп учурда жерге сыйынуу менен айкалышып, биригип, бир сыйынууну түзгөн.Таш бетиндеги жазуу эстеликтер байыркы түрктөрдө «tanri» деген түшүнүктүн мазмуну асман кудайы деген түшүнүктөн алда канча кеңири болгон деп айтууга мүмкүндүк берет. Махмуд Кашгаринин "Түркий тилдер сөздүгүндө" "Ааламды теңир жаратып, чыгырык тынбай айланар. Жылдыздары чиркешип, күн, түн менен алмашар" деген саптар кездешет [11.249]. Бул эмгектен биз дүйнөнү Теңир өзү жаратып, аалам күнү-түнү тынбай айланып тура турган болду, жылдыздар кыркалекей тизилип, күн түнгө айланат деген ой жыйынтыгын түшүнөбөз. Теңири деген «Аалам» деген түшүнүк менен бирдей. Аалам сөзү "Манастын" саптарында кеңири пайдаланылган. Манас баатыр «Чон казатта» жүрүп, чоролорунан айрылып, жалгыз калганда мындай деп арман кылат:

Он сегиз миң ааламды
Сындап турган кезимде
Калдайган шаардын баарысын,
Камап турган кезимде,
Мында өлбөй не болдум [8.225].

Тенирчиликтин өзгөчөлүгү адамдын көз карашында ааламдагы Кудайлардын үч катмарга бөлүнүшү: Биринчи катмарга, асман катмарына, адамга жакшы мамиле кылган кудай жана жогорку дүйнө. Экинчи катмарга - жер катмарына, жердеги ар бир нерсенин кудайы болот деген түшүнүк болгон. Мисалы, оттун, суунун, шамалдын жана башкалардын ээлери. Адамдар ар бир нерсенин ээсине сураныч менен кайрылган, өз үмүт тилектерин айтышкан.Үчүнчү катмарга, жер алдындагы дүйнө кирген.Ортоңку дүйнө-бар болгону "үстү" менен "астынын" ортосундагы аралашуу мейкиндиги, ал эми астыңкы жана үстүңкү дүйнөлөр адамдын кыял чабыты аныкталгыс алыстыктарга жайгаштырылган ортоңкунун көчүрмөсү гана деп айтууга болот деп билдирет философ окумуштуу Ш.Акмолдоева [2.76]. Адам болсо өзүнүн ишмердигинде бул ар түрдүүлүктүн көрүнүштөрүн таанып-билүүгө гана эмес, ага таасир көрсөтүүгө, мейкиндик менен мезгилди өзү ыңгайлуу кылууга да умтулгандыгы берилет. Аалам чексиз гана эмес, ошондой эле түбөлүктүү. Мисалы «Манас» эпосунда аалам термини көп колдонулуп эки мааниге ээ:

1. Жер жүзү, бардык эл;

2. Жалпы дүйнө, бизди курчап турган жаратылыш.

Байыртадан түрктөр бийликти Теңир тарбынан берилген улуу парз же милдет катары кабыл алып келишкен. Эл башчылары Теңир тарабынан берилген бул ыйык милдетти кут, бакыт жана дөөлөт деп эсептешкен. Түрк каганы элдин түшүнүгү боюнча Теңирдин элчиси же Теңир жиберген кут. Бул Азиядагы Хун империясынан бери уланып келе жаткан салттуу түшүнүк болгону маалым деп билдирет окумуштуу Решат Генч. Жусуп Баласагын өкүмдарга бийлик Теңир тарабынан берилген деген маанини кеңири баяндаган. Анын падышага: "Бул бийликке сен өз каалооң менен келген жоксуң.Теңир сага жүктөдү. Буга тобо кыл". "Теңир бийликти кимге берсе ага акыл жана билим да берет". "Бийлер бийлигин Теңирден алышты". "Теңир сени адилеттүүлүк үчүн өкүмдар кылды" -дейт, ал эми Махмуд Кашгаринин "Түркий тилдер сөздүгүндө" "Бегим өзү далдаланды, Мезгилин билип удулдады. Улук Теңир сыйлады, Эшик төргө кут тууду" [11, 307] -деген улуу чыгармалардагы мазмун Теңир менен өкүмдардын ортосундагы тыгыз байланышты далилдейт. Бул айтылган ойлор калк арасында "он адамды башкарган адам кудайдын сүйгөн адамы" деген кептин таралуусу менен да бекемделип турганын баамдай алабыз. "Манас" эпосунда Ороздунун балдары башына азап кайгы күн түшкөндөн баштап, акылдуу, күчтүү эл башкаруучусуна зар болуп жалпы журт Теңирден эл-жери үчүн кам көргөн, эл башына бийлик кылуучу баатырды суранат:

Долоно саптуу айбалта
Муну толгонтуп ийбей ким аштайт,
Бу тозуп жүргөн көп журтту
Томсортпой муну ким баштайт? [8.181]. Ал эми Жакып кан

бала көрбөй зарланып;
“Менин малым түмөн, балам жок,
Жараткан себеп болбосо,
Менин андан башка чарам жок “ -деп [9.105], жаратканга (Теңирге) кайрылат:
Төрөгөн Манас уулуңуз
Кудайдын сүйгөн кулу экен [8.132].
Алда таала кудурет
Өзү каалап бак берди.
Туулганда кара жер
Токтоно албай тербелди
Аты Манас арслан
Байкасаң бизге шер келди!, -деп жогоруда айтылган Теңирчиликтин жаратмандыгы чагылдырылат [8.133]. Демек, Теңиримдин каалосу менен элдин ой-мүдөөсү аткарылып, кудайдын сүйгөн кулу Манасты жаратып, ага бакыт, дөөлөт тартуулап, акыл, күч, кайраттуулук берет. Жараткан тарабынан берилген бул сапаттар эпостун ыр саптарын коштоп жүрүп олтурат.

Курчаган дүйнөнүн жалпы турум-турпатын туюндурган ааламдын тутумунда турган бөлүктөр- Күн, Ай, Асман (Көк), Жер жөнүндөгү түшүнүктөрдүн маңыз-мааниси кыргыз элинин илгертен келе жаткан салтык ой-түшүнүгүнө байланышкан. Ар кандай космологияда дүйнөнүн төрт тарабы ажыратылат. Ал “Манас” эпосунда төмөндөгү саптарда чагылдырылат:
Күн батышка бир карап,
Күн чыгышка бир карап.
Жолборсум турду ынгырап,
Күн тарапка бир карап,
Түн тарапка бир карап.
Жолборсум турду күркүрөп,
Төрт тараптан ай башат.
Төгүлүп кирди дүркүрөп, -деп сүрөттөлөт, адам өзүн курчап турган дүйнөдөн бөлүп карай албайт, ал андан дем, күч алат [7.279-280].

Эпосто көк асман байыркы түрк мифологиясынын каада-салтына ылайык Тенир-Кудай катары да белгиленет. Жоого каршы «Көк Тенирим колдо деп» аттанышат. Ошондой эле Манаска карата “үстүнкү көк Тенирдей” деген салыштырууну төмөнкү саптан байкай алабыз. Бул “Манас”эпосунда Бакай белиндеги жоокердик курун чечип, мойнуна илип, Теңирге дуба кылып суранат:
Коңурду, Теңир астын кыл,
Манасты Теңир үстүн кыл.
Коңурдун күнүн туудурба,
Күн батыш көздөй куудурба [14.49].
Манас эмнеден жаралса, же эмнеден төрөлсө, ошонун бардыгы жогорку дүйнө-асманга жана төмөнкү дүйнө-жерге тиешелүү [3.25]. Мисалы төмөнкү саптарга көңүл бурсак:
Манастын өзу да:
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айың менен күнүңдүн,
Ширөөсүнөн бүткөндөй» -деп мүнөздөлөт [7. 279-280].
Кудай маанисинде алганда Тенири асманга гана эмес, күнгө да (Күн Теңири), айга да (Ай Теңири), жерге да (Жер Теңири) таандык кылынып, асман менен жердин кудайынын бөлүнбөстүгүн айгинелеп турган [1235-39]. ”Манаста” Аалам - Күн, Ай бөлүктөрү менен бирге айтылат:
Күн батуучу белинен.
Көлөкөм тийип ааламга

Оң колумда күн турат,
Сол колумда ай турат,” - деп берилет [8.106-107].
Кыргыздар дайыма эмне улук? дегенге минтип жооп берген:
Теңир улук, күн улук,
Төбөсү ачык көк улук.
Төшү түктүү жер улук,
Адам улук, жан улук.
Кыргыздардын жакшы алым-сабак макалы бар: Тирүү жандын атасы-Күн
Энеси - Жер, Каны - Суу, Жаны - Аба [5.47].

Өткөн доорлордо ар бир уруунун сыйынган тоосу, дарагы болгондугу белгилүү. Кыргыздар жергиликтүү жаратылышка сыйынуунун бир бөлүгү болгон аскаларды, жалгыз тал -дарактарды, токойлорду ыйык тутуп келген. Бул кыргыздарда өзгөчө Түштүк Сибирдин түрк - монгол тилдүү элдеринде соңку мезгилге чейин сакталып келген. Кыргыздардын байыртадан сыйынып келген ыйык деп эсептелген Байтереги (Чынар тереги) болгон. Байтерек кыргыздар үчүн ыйык терек болгондугун “Манас” эпосунун саптары айгинелеп турат [1.303-304]. Ошондой эле эпосто байтерек асман жердин ортолугундагы тирөөч катары турган дүйнөлүк дарактын модель түшүнүгү чагылдырылат [13.208-21]. Ал дарактын тамыры жер астындагы дүйнөдө (өлүктөр өлкөсүндө), ортоңку сөңгөгү жер үстүндө (кадимки адамдар өлкөсүндө), башы асманда (кудайлар өлкөсүндө) жайгашып, бүткүл ааламды туташтырат деген ишенимге ээ [6.76]. Манас күмбөзүндөгү Кароол чокунун ичинде үч дүйнөнү байланыштырган ыйык дарак бар деп, Манас ордого зыярат жасап келген айрым зыяратчылар адамдардын Кароол чокуга чыгуусун туура эмес көрүшөт жана өздөрү да ал ыйык дарактын үстүнөн баспайбыз деп чыгышпайт (аты белгисиз дарыланганы келген зыяратчынын маалыматынан).

Ошентип бабалар байыртадан Ааламга анын ажырагыс бөлүктөрү Күнгө, Айга, жерге, сууга сыйынып келишкен.

Асманды кудайлаштыруу менен кыргыздар жаратылыштын бир бөлүгү болгон асманга сыйынуулар кыргыздарда жашаган. Кыргыздар көп убакта “Көк асман колдо!”. Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында “Манас” эпосунда “Төбөсү ачык көк урсун, төшү түктүү жер урсун” -деген саптар көп орун алган. Асман менен Жер эң байыркы замандан бери эле кудай катары эсептелген. Аларга сыйынышкан, каарынан, жазасынан коркушкан, аларга жардам сурап кайрылышкан.

Асманга курмандык чалуу хакастарда “tirip taji” деп аталат; курмандык чалуу сөзүнүн (taji) өзү кыргыздардын тайы деген сөзү менен толук дал келет [17.690]. Бул сыйынуу шамандардын катышуусуз өткөндүгү мүнөздүү. Качиндиктерде теңирге сыйынууда болсо, кара жерге мал жайуу үчүн чөп чыксын, жаш муундарга ден-соолук болсун деген тилек тилеп өткөрүлгөн. Б.а. бул жерде асман кудайынын түшүмдүүлүк культу менен байланышын көрөбүз. Бельтирлер сыйынышканда асманга өздөрү жашап турган тоого, агын сууга жамгыр сурап, чимыр-чамыр жинге кайрылышат. Алар күн чыгышты карашып колдорун асманга көтөрүшөт. С.Д. Майнагашев “tirip taji” эки диний системанын: анимисттик ишеним менен айкалышкан шамандык доорго чейинки уруулук культтун жана күндү урматтоочулук менен айкалышкан жалпы уруулук асман культунун аралашып кеткендиги жөнүндө туура жыйынтык чыгарат. Л.Я.Штернберг асман культунун өзү күн культунан келип чыкканын белгилейт [16.109].

Алтайлыктарда асман жана жер кудайлары шамандык космология менен чырмалышып кетип, шаман культунун ажырагыс бир бөлүгү болуп калган. Асмандын башкы руху-Ульген, күндү, айды, жана асмандагы бардык нерсени жараткан деп эсептелген [3.10]. Шамандардын дубасында төмөнкүдөй сөздөр учурайт: jalbarranым Таңара, “Ам ман таңаразіна зикир чалдым” [3.101-107] жана д.у.с. Ульгенге сыйынышып, 3, 6, 9, 12 жылда бир жолу кандуу курмандык чалышкан. Бул курмандык чалуу ырымынын “устугу” деп, б.а. асманда жашаган рухка тартуу деп аташкан. Ульгенге - берген жыргалчылыгы үчүн алкыш айтышып, андан мал, бала, аңчылыктын ийгиликтүү болушун сүттүн, арпанын, чөптүн мол болушун сурашкан [3.11].

Кыргыздарда жаратылышка сыйынуусу негизги ролду ойногон. Жаратылышка тирүү жандай мамиле кылуу, кайра жандандырууга башка диний ырым - жырымдар аралашуу менен өзүнчө татаал картина түзүлгөн.

Жаратылышка сыйынууга байланышкан байыркы диний ишенимдердин бири- бул асман жөнүндө - Теңир, жогорку кудай. Кыйын мезгилдерде кыргыздар асманга кайрылып, Теңир колдой көр! Теңир жалгай көр! Жаш жубайларга жакшы тилек айтканда, же бир адамга ыраазычылык билдиргенде: Теңир жалгасын! - деген. Жакшы тилектер менен бирге Теңирдин аты менен каргыш сөздөрдү да айткан. Мисалы, Теңир урсун!

Кыргыз, казактарда Асманды Жогорку Кудай деген ишенимин Ч.Валиханов мындай жазган: “...в дикокаменной орде живое выражении кукэ-тянгри в виде набожного восклицания или приказания” [4.480].

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдери таанып -билүүчүлүк гана мааниге ээ болбостон, кыргыз элинин дүйнөгө болгон көз карашынын калыптанышынын проблемаларын чечүүдө да практикалыык мааниси зор. Байыркы түрктөрдүн Теңир, Умай, жер-сууга сыйынуулары соңку мезгилдерге чейин кыргыздарда жашап келген. Кыргыздардын байыркы түрктөр менен диний көз карашындагы, салттарындагы окшоштуктар, байланыштар азыркы кыргыздардын этногенезисинде байыркы түрктөрдүн компоненттери бар экендигин айгинелейт. Эрте мезгилдеги диний ишенимдердин калдыктары боюнча булактардын түрлөрү азыркы кыргыздардын VI-VIII кк. түрк тилдүү элдер менен этногенетикалык байланышын түзүүгө мүмкүнчүлүк жаратат.

**Адабияттар**


1. Абрамзон С.М. Киргизы. и их этногенетические и историко-культурные связи. -Фрунзе.: «Илим», 1990.
2. Акмолдоева Ш. Манас ааламы. -Бишкек, 2003,160бет.
3. Анохин А.В. Материалу по шаманству у алтайцев. -Л.,1924. -С.19-20.
4. Валиханов Ч.Собр.соч. в пяти томах.Т.1. Алма-Ата, 1961, С.370.
5. Жусупов К. Кыргыздардын байыркы маданияты. -Б.: Бийиктик, 2006.
6. Каратаев О.К.Кыргыздардын теги, таралуу ареалы.- Бишкек.2013. -290
7. Манас: Эпос. II китеп. Сагынбай Орозбаков варианты боюнча,-Фрунзе, 1995,
8. Манас: Эпос. I китеп, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча,- Фрунзе,1.1984.
9. Манас: Эпос. I китеп, Саякбай Каралаевдин варианты боюнча,- Б.1995
10. Манас: Эпос.Сагынбай Орозбак уулунун варианты боюнча,-Фрунзе.3- китеп.-Ф.,1981
11. Махмуд Кашгари “ Дивану лугати-т түрк” (Түркий тилдер сөз жыйнагы). Которгондор: Абдувалиев И., Ахматов Т., Оморов А., Султаналиев И.,Толубаев М.I I–том.-Бишкек:Бийиктик.-2013.-512б.
12. Малов С.Е. Памятники древнетюркской письменности Монголии и Киргизии. – М.,1959.-106 с.
13. Молдобаев И.Б. ”Манас” историко - культурный памятник кыргызов. -Бишкек,1995,311стр.
14. Убукеев М.А. Манас. -Бишкек, Мурас.1998,49.
15. Худяков Ю.С. Энесай кыргыздарынын тарыхы: Кыскача баян / Жооптуу ред., котор.топтомун, тиркемелик сүрөттөрдү даярдаган Ө.Алымкожоев; баш сөз жазган Т.К. Чоротегин-Б.: 2013. -204 б. (“Тарых жана мурас” түрмөгү) [ “Мурас” коомдук фонду; “Кыргыз Тарых Коому” ЭКБ].
16. Штернберг Л.Я. Первобытная религия в свете этнографии.-Л., 1936, 330стр.
17. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. -Ф,1965,503стр.